**«Арманым»**

Сөзү: Эсенгулов Нурлан

Обону: Эсенгулов Нурлан

Акыркы жолу мен сага барам,

Акыркы жолу сүйөм деп айтам.

Канчалык сени сүйүп турсам да,

Кайрылып кайра, бара албайм сага.

Акыркы жолу гүлүмдү сунам,

Акыркы жолу саамайың сылайм.

Бактылуу бол деп колуң булгалап,

Каларсың жаным менден алыстап.

Кайырма:

Арманым күчөп, алыстап сенден

Каламбы жалгыз ак сүйүүм менен

Арманым күчөп, алыстап сенден

Каламбы жалгыз ак сүйүүм менен

Ыйлаба жаным өзүңдү кыйнап,

Ыйлаба жаным жүрөгүм сыздайт.

Жалгыз сүрөтүң калат сакталып,

Көргөндө аны жүрөмүн ыйлап.Бектурсунов Ильяз Кылычбекович(Ильяз Андаш)